# «ЭЛСОМ чемпиондору» акциясынын шарттары

Ушул Акциянын шарттары (мындан ары жалпысынан «Шарттар» деп аталган) Акциянын өткөрүү тартибин, ордун жана мөөнөтүн, Акциянын байгелеринин санын, аларды алуу мөөнөтүн, ордун жана тартибин аныктайт. Акцияны өткөрүүнү токтоткон же мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда Акцияны Уюштуруучу бул тууралуу ачык жарыялоого милдеттүү.

1. **Акциянын аталышы: «ЭЛСОМ чемпиондору!»**

2. **Жалпы түшүнүктөр:**

Акция – KICB банкынан «ЭЛСОМ чемпиондору» кызыктыруучу иш-чарасы: ЭЛСОМ электрондук капчыгы аркылуу кызмат көрсөтүүлөргө жана сатып алууларга төлөңүз жана ЭЛСОМ өнөктөштөрүндө 5 000 сомдон 10000 сомго чейинки суммада белек сертификаттарын, ошондой эле башкы байгелер: Iphone 14 Pro, Dyson Air styler, электр самокатын утуп алыңыз.

Электрондук капчык – электрондук акчанын суммасы жана алардын ээсине таандыктыгы жөнүндө жазуу бар программалык камсыздоо же башка программалык-техникалык жабдуу болуп саналган электрондук акчаны сактагыч.

Акциянын катышуучулары – жеке жак, ушул Шарттардын 5-пунктунда саналган шарттарга ылайык келген, «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАКнын ЭЛСОМ электрондук капчыгынын катталган колдонуучусу.

Жеңүүчү – ушул Шарттардын 6-бөлүмүндө көрсөтүлгөн тартипте жеңүүчү деп таанылуу үчүн жетиштүү болгондой, Акциянын Шарттарын толук аткарган Акциянын Катышуучусу.

Транзакция – ЭЛСОМ тиркемеси аркылуу кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча жеке жактардын чыгыштоо операциясы, дүкөндөрдө QR-код, агенттин коду аркылуу же Интернет аркылуу жеке максаттар үчүн товарларга / кызмат көрсөтүүлөргө төлөө (өз товарларын агенттер аркылуу саткан компанияларда сатып алуулардан, майдаланган операциялардан, ишкердик ишти жүргүзүүдөн ж.б. стандарттуу эмес операциялардан тышкары).

Транзакцияны каттоо мезгили – 2023-жылдын 21-августунан баштап 2023-жылдын 31-октябрына чейин кошо алгандагы мезгил.

3. **Акцияны Уюштуруучу жөнүндө маалымат:**

«Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК - коммерциялык банк (мындан ары – «Уюштуруучу»).

Кыскартылган аталышы: «КИКБ» ЖАК.

Жайгашкан жеринин дареги: 720040, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21 (Москва көч. менен кесилишет).

БИК 128001

Э/э 1280015000006195

СИН 01901200110066

ИУЖК 22724193

НИ коду 999

СФКР 01-01228-02

Сом менен эсептешүү эсеби 1280010019910001 «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАКда

БИК 128001

4. **Акциянын мезгили жана байге фонду:**

| **Орто аралык мезгил** | **Жеңүүчүлөрдүн саны** | **Транзакциялардын минималдуу саны** | **Байгелер** |
|---|---|---|---|
| 01.08.-31.08.2023 | 3 | 10 | 1. April дүкөнүнө 10 000 сомго сертификат<br>2. Газпромго 7 000 сомго сертификат<br>3. Mia Home дүкөнүнө 5 000 сомго сертификат |
| 01.09.-30.09.2023 | 3 | 10 | 1. Технодомго 10 000 сомго сертификат<br>2. TORRO дүкөнүнө 7 000 сомго сертификат<br>3. Оптовые цены дүкөнүнө 5 000 сомго сертификат |
| 01.10.-31.10.2023 | 3 | 10 | 1. Li-ning дүкөнүнө 10 000 сомго сертификат<br>2. «Навигатор» ресторанына 7 000 сомго сертификат<br>3. Hello Beauty дүкөнүнө 5 000 сомго сертификат |
| *Бир колдонуучу үч орто аралык мезгилдин бирөөндө гана жеңүүчү катары көрсөтүлүшү мүмкүн, бирок ал негизги мезгилде жеңүүчү болушу мүмкүн.* | | | |
| **Негизги мезгил** | **Жеңүүчүлөрдүн саны** | **Транзакциянын минималдуу саны** | **Байгелер** |
| 01.08.-31.10.2023 | 3 | 40 | 1. Iphone 14 Pro<br>2. Dyson Air styler<br>3. Электросамокат |

5. **Акциянын катышуучулары:**

5.1. Акциянын Катышуучулары болуп бир капчык номеринен Акциянын орто аралык мезгилинде 10дон (он) кем эмес жана негизги мезгилинде 40 (кырк) транзакция жалпы санында товарларга, иштерге жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча операцияларды аткарган, 16 жашка чыккан бардык жеке жактар, ЭЛСОМ ЭК идентификацияланган/аралыктан идентификацияланган колдонуучулары саналат.

5.2. Уюштуруучунун кызматкерлеринин, алардын аффилирленген жактарынын (алар менен аффилирленген жактардын кызматкерлеринин), Акцияны даярдоого жана өткөрүүгө катышкан, Акцияны өткөрүүнү уюштурууга же жеңүүчүлөрдү аныктоо процедурасына түздөн-түз катышкан уюмдардын кызматкерлеринин, «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКнын кызматкерлеринин, ошондой эле жогоруда белгиленген жактардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн Акцияга катышуусуна жол берилбейт. Ошондой эле юридикалык жактар Акцияга катыша алышпайт.

6. **Акцияга катышуу шарттары:**

6.1. Акция, Уюштуруучу жана катышуунун толук эрежелери жөнүндө маалымат булагы болуп www.elsom.kg,  www.kicb.net Интернет-сайттары (мындан ары – «Сайт») саналат.

6.2. Байге алууга талаптануу үчүн Акциянын Катышуучусу Транзакцияларды каттоо мезгилинде төмөндөгүлөрдү аткарышы керек:

- Акциянын орто аралык мезгилинде бир ЭЛСОМ ЭКдан 10дон (он) кем эмес транзакция

- Акциянын бүтүндөй мезгилинде бир ЭЛСОМ ЭКдан 40тан (кырк) кем эмес транзакция

6.3. Транзакцияларды каттоо мезгилинде ЭЛСОМ электрондук капчыгын пайдалануу менен жүргүзүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча жеке жактардын Транзакциялары эсепке алынат.

6.4. 2023-жылдын 01-августу саат 00:00 чейин жана 2023-жылдын 31-октябры саат 23:59 кийин жүргүзүлгөн Транзакциялар эсепке алынбайт.

6.5. Бир соода түйүнүндөгү майдаланган сумма эсепке алынбайт. 60 (алтымыш) мүнөт ичинде бир соода түйүнүндө жүргүзүлгөн эки жана андан көп транзакциялар бир транзакция катары эсепке алынат.

6.6. Кайра кайтарылган сатып алуулар эсепке алынбайт.

6.7. Транзакциялардын төмөндөгү түрлөрү эсепке алынбайт:

- Электрондук капчыкты толуктоо
- Электрондук капчыктан нак акча каражаттарын чыгаруу
- Капчыктан капчыкка ички которуулар (P2P)
- Телефондун балансын толуктоо
- Байланган эсептен/карттан капчыкка которуу
- Капчыктан «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК байланган эсебине/картына которуу
- «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАКнын VISA, ЭЛКАРТ жана UPI банктык карттарына которуу
- КИКБ ЖАК эсептешүү эсебин толуктоо/кредитти төлөө
- Башка Банктардын Элкарт картына которуу

6.8. Кардардын электрондук капчыгы Акция өткөрүү мезгилинде жана байгелерди берген учурга чейин активдүү болушу керек.

6.9. Ар бир катышуучу үч орто аралык этаптардын биринде гана жеңүүчү жана негизги этапта жеңүүчү боло алат.

## 7. Жеңүүчүлөрдү аныктоо тартиби:

7.1. Жеңүүчүлөр Акциянын жыйынтыктары боюнча Уюштуруучу тарабынан төмөндөгү тартипте аныкталат:

7.1.1. Акцияны өткөрүү мезгили аяктаганда Уюштуруучу Акциянын Катышуучуларынын Эсепке алынган Транзакциялары боюнча маалымат бар тизмени түзөт.

7.1.2. Орто аралык этаптар (үч). Орто аралык мезгилде байге алган Жеңүүчүлөрдүн жалпы саны – 9 катышуучу (ар бир орто аралык мезгилдин ар биринде 3 жеңүүчүдөн).

Байгеге укук алган жеңүүчүлөр орто аралык мезгилде эң чоң суммада төлөмдөрдү жүргүзгөн акциянын катышуучулары болот.

7.1.3. Негизги этап. Негизги мезгилде байге алган Жеңүүчүлөрдүн жалпы саны – 3 катышуучу. Байгеге укук алган жеңүүчүлөр негизги мезгилде эң чоң суммада төлөмдөрдү жүргүзгөн акциянын катышуучулары болот.

7.1.4. Транзакциялардын көлөмү бирдей болгон учурда жеңүүчү жүргүзүлгөн транзакциялардын максималдуу саны боюнча аныкталат.

7.1.5. Транзакциялардын суммасы жана саны бирдей болгон учурда жеңүүчү ЭЛСОМ электрондук капчыгын эрте ачкан күн боюнча аныкталат.

7.2. Акцияны өткөрүүнүн жыйынтыктары Уюштуруучу мындай жыйынтыктарды жарыялагандан кийин Акцияны өткөрүү процессинде Катышуучулар жол берген, Акцияга катышуу тартибин жана Эрежелерин бузууларды аныктаган учурлардан тышкары, акыркы болуп саналат жана кайра каралбайт.

## 8. Жеңүүчүлөрдүн Байгелерди алуу тартиби

8.1. Уюштуруучу Акция өткөрүүнүн жыйынтыктарын алган учурдан тартып 15 календардык күн ичинде Жеңүүчүлөргө телефон аркылуу, же башка байланыш маалыматы аркылуу маалымдайт. Эгерде Акцияны өткөрүү мөөнөтү ичинде байланыш маалыматы берилбегендиктен же башка себептерден улам Акциянын Жеңүүчүсү менен байланышуу мүмкүн болбогон учурда байгени алуу укугун Жеңүүчүдөн кийинки Катышуучу алат.

8.2. Байгелерди тапшыруу Акциянын Жеңүүчүлөрүн аныктагандан кийин Уюштуруучунун Кеңсесинин аймагында өткөрүлөт. Байгени тапшыруунун так дарегин жана күнүн Уюштуруучу Жеңүүчүгө телефон аркылуу билдирет.

8.3. Жеңүүчү Байгени алуу ордуна чейин жана кайра артка өзүнүн жол акысын төлөө боюнча, ошондой эле Байгени өзү жашаган жерге чейин жеткирүү боюнча бардык чыгымдарды өзүнө алат. Бул чыгымдар эч бир жагдайларда Уюштуруучуга жүктөлбөйт.

8.4. Байгелерди тапшыруу Акциянын жыйынтыктарын алган учурдан тартып 30 күндөн кеч эмес жүргүзүлөт.

8.5. Акциянын жеңүүчүсү байгелерди тапшырганга чейин Уюштуруучу тарабынан маалыматтарды салык органдарына берүү үчүн (жеке жактардын кирешелерине салыкты төлөө) Байгени алууда зарыл болгон маалыматтарды Уюштуруучуга өзү бериши керек, атап айтканда:

- паспорт маалыматтары (сериясы, номери, берилген күн, берген органдын аталышы);
- почта индекси менен иш жүзүндө жашаган дареги;
- шаардын коду менен байланыш телефонунун (-дорунун) номери(-лери);
- туулган күнү;
- почта индекси менен жашаган жери боюнча катталган дарек;
- жеке идентификациялык номер. Маалыматтар тиешелүү форманы толтуруу жана керектүү маалыматтарды камтыган документтердин көчүрмөлөрүн берүү аркылуу, же

маалыматтардын аныктыгын күбөлөндүрүү мүмкүнчүлүгүн берген башкача жол менен берилет. Уюштуруучуга маалыматтарды көрсөтүлгөн мөөнөттө бербеген учурда (Акциянын жыйынтыктарын алган учурдан тартып 20 күнгө чейин) Жеңүүчү Байге алуу укугунан ажырайт.

8.6. Жеңүүчү Байгени тапшыруу учурунда Уюштуруучу тарабынан берилген, анын алганын тастыктаган документти (Байгени кабыл алуу-өткөрүп берүү акты) толтурууга жана кол коюуга тийиш. Жеңүүчүнүн Байгени алууну тастыктаган документти толтуруудан баш тартуусу, ага тете толук эмес/туура эмес маалыматты көрсөтүүсү, жана/же көрсөтүлгөн документти толтуруу үчүн керектүү бардык маалыматты бербеген же өз убагында эмес берген учур жеңүүчүнүн Байгеден баш тартуусун билдирет.

8.7. Байгени алуу жөнүндө актыга кол койгондон кийин Уюштуруучу Жеңүүчүгө Байгени жеке өзү берет.

8.8. Байгени алууда Байгени утту деп таанылган Катышуучу Уюштуруучунун суроо-талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүгүн күбөлөндүргөн документти бериши керек.

8.9. Жеңүүчү Байгени алуудан баш тарткан учурда, Уюштуруучу Катышуучунун алдында мындай баш тартуунун кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт жана тиешелүү Байгенин наркынын акчалай эквивалентин төлөбөйт же аны башка Байгелер менен алмаштырбайт. Мындай Жеңүүчүгө берилиши керек болгон байге талап кылынган жок деп таанылат жана Уюштуруучу аны өзүнүн кароосу боюнча тескөөгө укуктуу.

8.10. Уюштуруучу Акциянын Катышуучусу туура эмес Фамилиясын, Атын жана Атасынын атын же почта дарегин берген учурда, ошондой эле ушул Шарттардын 8.5-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кол койбоонун / бербөөнүн кесепетинде утушту Катышуучуга тапшырбаган учурда жоопкерчилик тартпайт.

## 9. Акциянын катышуучуларынын укуктарын жана милдеттери

9.1. Акциянын катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген укуктарга ээ жана милдеттерди тартышат.

9.2. Акциянын катышуучулары Акциянын шарттарына ылайык Акция жөнүндө маалыматты алууга укуктуу.

9.3. Акциянын ар бир Катышуучусу Акцияга катышуудан баш тартууга же өзүн өзү токтотууга укуктуу.

9.4. Өзү тууралуу жеке маалыматтарды ыктыярдуу берүү менен, Акциянын Катышуучулары ушул Акциянын максаттары үчүн маалыматтарды чогултууга, сактоого, пайдаланууга, иштеп чыгууга жана жайылтууга өзүнүн макулдугун тастыктайт.

9.5. Акцияга катышуу фактысы анын бардык Катышуучулары ушул Шарттарга, ошондой эле аты, фамилиясы жана фотосүрөттөрү Уюштуруучу тарабынан жарнама максаттарында колдонула турганына макулдугун билдирет. Акциянын жеңүүчүлөрү Акцияга катышуу жөнүндө жарнамалык интервью берүүгө, анын ичинде радио жана телевидение, ага тете башка жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу берүүгө, же бул үчүн кандайдыр бир сый акыларды төлөөсүз графикалык жарнама материалдарын даярдоо үчүн тартылууга макул болот. Мындай интервьюга карата бардык автордук укуктар Уюштуруучуга таандык болот.

9.6. Байгени алуу үчүн Акциянын катышуучусу Акцияны өткөрүү мөөнөтүндө ушул Шарттарга ылайык андан талап кылынган бардык аракеттерди аткарууга милдеттүү. Акцияны өткөрүү шартын(-тарын) сактабагандык Катышуучунун Акцияга катышуудан баш тартуусун жана Байгеден баш тартуусун билдирет.

9.7. Акцияны өткөрүүнү токтотуу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу Акцияны Уюштуруучуну Уюштуруучу Акцияны токтотуу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө жарыялаган учурга карата Катышуучуда аны алууга укук жаралган Байгени Акциянын Катышуучусуна өткөрүп берүү же берүү зарылчылыгынан бошотпойт.

9.8. Уюштуруучу Акцияны өткөрүүгө, анын ичинде Байгелерди өткөрүп берүүгө же берүүгө жана Акциянын Катышуучуларына карата башка керектүү иш-аракеттерди аткарууга милдеттүү.

9.9. Уюштуруучу талап кылынбаган Байгелерди өзүнүн кароосу боюнча пайдаланууга укуктуу.

9.10. Уюштуруучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленгендей, Акциянын Жеңүүчүсүнүн байгени алуусуна байланыштуу бардык колдонуудагы салыктарды төлөйт.

9.11. Уюштуруучунун Байгелердин сапатына байланыштуу милдеттенмелери түздөн-түз кызмат көрсөтүүчү жактар берген кепилдиктер менен чектелген. Акциянын Байгелеринин сапатына байланыштуу Жеңүүчүлөрдүн доомattары түздөн-түз тиешелүү кызматты көрсөткөн жактарга коюлушу керек.

9.12. Уюштуруучу ката деп таанылган Акциянын Катышуучусунун аракетинин/аракетсиздигинин кандайдыр бир кесепеттери үчүн, анын ичинде (башкалардан тышкары) ал тарткан чыгашалар үчүн жооп бербейт.

9.13. Уюштуруучу эгерде Катышуучу (же анын ордуна аракеттенген башка адам) Акциянын жүрүшүндө техникалык, программалык же башка каражаттар аркылуу добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасир тийгизүүгө аракет кылгандыгына Уюштуруучуда шектенүү жаралса, каалаган учурда Катышуучуну Акцияга катышуудан четтетүүгө укуктуу.

9.14. Уюштуруучу эгерде Катышуучу өзү тууралуу туура эмес маалыматты билдирсе, аны өз убагында бербесе же кандайдыр бир жол менен Акциянын Эрежелерин бузса, Катышуучуга Байгени берүүдөн баш тартууга укуктуу. Мындай баш тартуу учурунда байгени алуу укугун азыраак суммада эсепке алынган транзакция жүргүзгөн Катышуучу алат.

9.15. Уюштуруучу бул тууралуу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында тыюу салынбаган жолдор менен билдирип өзүнүн кароосу боюнча каалаган убакта Акциянын мөөнөтүн, байге фондун жана өткөрүү шарттарын толуктоо жана/же өзгөртүү, ошондой эле жалпысынан же бир бөлүгүндө Акцияны өткөрүүнү токтотуу, токтото туруу, жокко чыгаруу укугун өзүнө калтырат. Олуттуу өзгөрүүлөр жөнүндө маалымат www.kicb.net веб-сайтында жайгаштырылат.

## 10. Катышуучуларга Акциянын шарттары жана Акциянын башка шарттары жөнүндө маалымдоо тартиби

10.1. Уюштуруучу Акциянын Катышуучусунан Уюштуруучудан көз каранды болбогон себептерден улам Байгени алуу үчүн зарыл болгон маалыматтарды/документтерди

албагандыгы үчүн, ошондой эле Катышуучулардын ушул Шарттарда каралган өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы (өз убагында аткарбагандыгы) үчүн жоопкерчилик тартпайт.

10.2. Уюштуруучу ушул Шарттарда көрсөтүлгөндөн тышкары, Акциянын Катышуучулары менен кат жазышпоо, же башка байланыш түзбөө укугун өзүнө калтырат.

10.3. Акцияга катышуу менен, Катышуучу ушул Эрежелерге жана Акцияга катышуунун бардык шарттарына өзүнүн макулдугун тастыктайт.

10.4. Уюштуруучу Акциянын Катышуучусу жол берген катанын кандайдыр бир кесепеттери үчүн, анын ичинде (башкалардан тышкары) ал тарткан чыгымдар үчүн жооп бербейт.

10.5. Уюштуруучу бир соода-тейлөө ишканасында көп санда операцияларды жүргүзгөн учурда тастыктоочу документтерди, ошондой эле бул сатып алуулар жөнүндө соода-тейлөө ишканасынын тастыктоосун/түшүндүрмөсүн сураганга укуктуу.

10.6. Уюштуруучу ФАА, байге ордун, байгени көрсөтүү менен жеңүүчүлөрдүн тизмесин жарыялоого жана Акциянын жеңүүлөрүнүн фотосүрөттөрүн ар кандай жалпыга маалымдоо каражаттарында пайдаланууга укуктуу.

10.7. Ушул Эрежелерде каралбаган бардык учурларда Уюштуруучу жана Акциянын Катышуучулары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алышат.

## 11. Жеке маалыматтар

11.1. 9-бөлүмдө көрсөтүлгөн маалымат Акциянын максаттары үчүн, анын ичинде Жеңүүчү алган кирешени андан ары декларациялоо жана/же жеке жактардын киреше салыгын кармап калуу жана Кыргыз Республикасынан бюжетине төлөө үчүн Жеңүүчү тарабынан ыктыярдуу түрдө Уюштуруучуга берилет.

11.2. Мында Уюштуруучу төмөндөгү эрежелерди сактоого милдеттенет жана Катышуучунун жеке маалыматтары болуп саналган маалыматтарды колдонууга карата Катышуучуга төмөндөгүдөй кепилдиктерди берет:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бардык колдонулуучу талаптарын сактоо менен жеке маалыматтарды иштеп чыгууну камсыздоо;
- Акцияны өткөрүү көлөмүндө жана максаттарында гана жеке маалыматтарды иштеп чыгуу;
- эгерде Уюштуруучу Акциянын Катышуучуларынын алдында өз милдеттенмелерин аткаруу максатында жеке маалыматтар субъекттеринин жеке маалыматтарын үчүнчү жактарга бериши же ачыкка чыгарышы керек болсо, көрсөтүлгөн иш-аракеттерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен жүргүзүүгө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык аларды иштеп чыгууда жеке маалыматтарды коргоо, коопсуздугун жана купуялуулугун камсыздоо үчүн жоопкерчилик тартуу.

11.3. Ушул Шарттарга ылайык Акцияга катышуу фактысы Катышуучунун ушул Шарттарга макулдугун тастыктайт, ошондой эле Катышуучунун Акциянын Уюштуруучусу тарабынан анын жеке маалыматтарын Акцияны өткөрүү максатында зарыл болгон жолдор менен иштеп чыгуусуна конкреттүү, эркин жана маалымдалган макулдугу болуп саналат. Ушул Шарттарда жеке маалыматтарды иштеп чыгуу деген Акцияны өткөрүү максатында анын Катышуучуларынын жеке маалыматтарын жыйноону, системалаштырууну, топтоону,

сактоону, пайдалануусу, жайылтууну, тактоону (жаңыртуу, өзгөртүү), бөгөттөөнү, жок кылууну билдирет.

11.4. Ушул пунктта көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук Акцияны өткөрүү мөөнөтүндө жана ал аяктагандан кийин 5 (беш) жыл ичинде күчүндө болот. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндөгү макулдук Катышуучу тарабынан Байгени алууда өз колу менен берилет.

11.5. Катышуучунун анык эмес/туура эмес маалыматтарды берүүсү Уюштуруучуну өзүнүн жеке маалыматтарын көрсөтпөгөн, же анык эмес/туура эмес маалыматтарды көрсөткөн, же ушул Шарттарда көрсөтүлгөндөй, жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жазуу жүзүндө макулдук бербеген Акциянын Катышуучуларына Байгелерди берүү боюнча милдеттен бошотот.